**«Замат Финанс»**
**микрокредиттик компаниясы»**
**ЖЧКга**

**Жеке маалыматтар субъектинин анын жеке маалыматтарын**
**чогултууга жана иштеп чыгууга**
**МАКУЛДУГУ**

**Бишкек Ш.** **«____» __________ 2023-ж.**

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА толугу менен], [күн/ай/жыл] туулган, [паспорттун сериясы жана номери], [паспортту берген орган жана дата], ИЖН: ______________________, мобилдик телефон: [телефон номери], электрондук почта дареги: [email], жашаган дареги: [паспорт боюнча катталган дареги], билип туруп, эркин, өз эрким менен жана өз кызыкчылыгымда «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКга (ИСН 02810202210184, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген, 7.12.2022-жылдагы №517 Микрокредиттик компаниянын эсептик каттоо жөнүндө күбөлүк, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1) менин жеке маалыматтарымды мыйзамдуу пайдаланууга, анын ичинде, чектөөлөрсүз, менин бардык жана каалаган жеке маалыматтарымды чогултууга, иштеп чыгууга, анын ичинде менин жеке маалыматтарым менен автоматташтыруу каражаттарын пайдалануу менен же мындай каражаттарды пайдаланусуз каалаган иш-аракетти (операцияны) же иш-аракеттердин (операциялардын) жыйындысын аткарууга, анын ичинде менин жеке маалыматтарымды чогултууга, жазууга, системалаштырууга, топтоого, сактоого, тактоого (жаңыртууга, өзгөртүүгө), алууга, пайдаланууга, берүүгө (жайылтууга, берүүгө, жетүү мүмкүндүгүнө), анын ичинде «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК менен түзүлгөн келишимдердин негизинде аракеттенген үчүнчү жактарга (анын ичинде юридикалык жактарга), анын ичинде үчүнчү жактардын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматынын маалыматтар базасында менин жеке маалыматтарымдын (анын ичинде өздүгүн күбөлөндүргөн документтин маалыматтары, катталган дареги ж.б.), анын ичинде башка маалыматтардын, анын ичинде мен кредит келишими боюнча милдеттенмелерди аткарбаган жана/же талаптагыдай эмес аткарган учурда үчүнчү жактардын кредит келишими боюнча мөөнөтү кечиктирилген карызды өндүрүп алууга багытталган иш-аракеттерди ишке ашыруусу максатында Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан жана башка мамлекеттик органдардан камсыздандыруу, пенсиялык чегерүүлөр жөнүндө, эмгек акыдан чегерүүлөрдүн өлчөмү жөнүндө маалыматтардын тууралыгын текшерүүсү үчүн берүүгө, жеке маалыматтарды ээсиздендирүүгө, бөгөттөөгө, өчүрүүгө жана жок кылууга, ошондой эле жеке маалыматтарды чек ара аралык берүүгө өзүмдүн шартсыз макулдугумду берем.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА толугу менен], «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКга берилүүчү (берилген) менин жеке маалыматтарымды чогултууга жана иштеп чыгууга ушул макулдукту берем, анын ичинде:

- фамилиясы, аты жана атасынын аты; жынысы, туулган күнү жана жери; өздүгүн тастыктаган документтин маалыматтары жана сканерленген фотосүрөтү; ИЖН (идентификациялык жеке номер); үй-бүлөлүк абалы; жумуштуулук жөнүндө маалыматтар; бир айлык кирешенин (эмгек акы, стипендия, камсыздандыруу чегерүүлөрү, пенсия ж.б.) жана чыгымдардын өлчөмү; бир айлык кирешени алуу күнү (же мезгил); башка кредиттердин / зайымдардын болушу; иш жүзүндө жашаган дареги; катталган дареги; колдонуп жаткан мобилдик телефондун номери; электрондук почта дареги, ошондой эле мен жөнүндө кыскача мүнөздөмө бере турган таанышымдын/тууганымдын/досумдун же башка адамдын кошумча байланыш телефону; банктык эсеп / банктык төлөм картынын / электрондук капчыктын эсеби, ошондой эле http://www.doke.kg/ дареги боюнча «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын веб-сайтын пайдалануу процессинде мен жана үчүнчү жактар автоматтык түрдө бере турган башка маалыматтар;
- «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын веб-сайтынын баракчасына кирүүдө өздүгүн идентификациялабаган жеке маалымат, ал өзүнө IP-даректи, cookie-файлдарынан алынган маалыматты, колдонуучунун браузери жөнүндө маалыматты (же анын жардамы менен «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын веб-сайтына кирүү мүмкүнчүлүгүн жүзөгө ашырган башка программа), кирүү убактысын, суралган барактын дарегин, ошондой эле интернет-кызмат көрсөтүүсүнүн провайдеринин домендик аталышын камтыйт;
- «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКга офертаны жөнөтүү жана тиешелүү кредит келишимине кол коюу, анын ичинде микрокредитти кайра алууда жөнөкөй электрондук колтамга менен кол коюу жөнүндө маалымат;
- аларды берүү «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын веб-сайтын пайдалануу жана «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу үчүн зарыл болгон мен тууралуу башка маалымат.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА толугу менен], «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын менин жеке маалыматтарымды төмөндөгү максаттарда пайдалануусуна макулмун: менин өздүгүмдү идентификациялоо жана верификациялоо; менин төлөө жөндөмдүүлүгүмдү, финансылык абалымды, кредиттик жөндөмдүүлүгүмдү, кредиттик тартипти жана кредит келишимин түзүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн менин башка сапаттарымды аныктоо; кредит алууга тиешелүү билдирмелерди кароо жана кредит келишимин түзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды алуу максатында кредиттик бюролорго, банктарга, башка үчүнчү жактарга жеке маалыматтарды берүү (зарыл болгондо); мени менен өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү; кредит келишими боюнча менин милдеттенмелеримдин аткарылышын көзөмөлдөө жана камсыздоо, анын ичинде соттук / сотко чейинки тартипте акча каражатынан өндүрүп алуу, кредит келишими боюнча талап кылуу укугун үчүнчү жактарга өткөрүп берүү максатында жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүү; изилдөөчүнүн ички максаттары үчүн берилген маалыматтардын негизинде жана тиешелүү жеке маалыматтарды жарыялоосуз жана ээсиздендирүүсүз статистикалык, маркетингдик, стратегиялык жана башка изилдөөлөрдү жүргүзүү; жарнамалык кампанияларды өткөрүү, «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын жана үчүнчү жактардын кызматтары,

жаңылыктары жана акциялары жөнүндө мага жарнамалык жана башка маалыматтарды берүү.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА толугу менен], http://www.doke.kg/ дарегинде «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын веб-сайтында жайгаштырылган «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу саясаты менен тааныштым жана макулмун.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА толугу менен], төмөндөгүлөр менен тааныштым жана макулмун:

(1) жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук ушул макулдукка электрондук формада кол коюлган (таризделген) күндөн тартып кредит келишими боюнча менин милдеттенмелеримди толук талаптагыдай аткарган учурга чейин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык маалыматтарды (документтерди) сактоо мөөнөтүнө чейин колдонулат;

(2) жеке маалыматтарды, анын ичинде камсыздандыруу, пенсиялык чегерүүлөр жөнүндө, эмгек акыдан Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдүн өлчөмдөрү жөнүндө жана ушул Макулдашууга жөнөкөй электрондук колтамга менен кол коюлган учурдан тартып 3 жылдын ичинде колдонулуучу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан ар кандай башка маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук берүү;

(3) жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук жөнөкөй жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде артка чакыртып алынышы мүмкүн;

(4) жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдукту артка чакыртып алуу учурунда менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгуу толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн:

   i. тиешелүү кызматты/операцияны/төлөмдү көрсөтүүнү аяктоо учуруна чейин;
   ii. кредит келишими боюнча милдеттенмелерди толук көлөмдө аткарганга чейин;
   iii. эгерде жеке маалыматтарды иштеп чыгууну улантуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптары менен (мындай учурда жеке маалыматтарды иштеп чыгуу мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн зарыл болгон чектерде ишке ашырылат), «Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКнын ички документтери менен шартталса.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА толугу менен], ушул Макулдукка жөнөкөй электрондук колтамга менен кол коюлганына жана 2017-жылдын 19-июлундагы №128 «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык менин өз колум менен койгон кагаздагы документке мааниси бирдей болоруна макулмун жана тааныйм.

Менин мобилдик телефонума SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн ырастоо үчүн атайын кодду [SMS код] киргизүү (активдештирүү) аркылуу жөнөкөй электрондук колтамга менен кол коюлду.